келгенде, анын синдиси Сыдык кызы Шам Р.Жумабаева эжекесине кеткендигин айткан. Андан кийин Сыдык кызы Ш. менен А.Турсунбекованы чакырып чыгып.

суйлошуп турганда Сыдык кызы Шамдын жигити К.Шаршенов келип калганынан, анын унаасында саат 21-00 чейин олтурушкан. Андан кийин А.Турсунбекова Максат уулу Акимди тааныйсынбы дегенинен тааныйм деп, анын уюлдук телефону менен Акимге чалып, Токмок шаарынын 1 кичи районунунда жайгашкан №9 орто мектебинин стадионунан жолугууну суйлошуп, А.Турсунбекова менен ошол тарапка кетишкен. Ал жерден Аким менен бир аз суйлошуп туруп, андан кийин У.Аскеевге телефон чалып, аны менен да жолугууга барышкан. Бирок анын батиринен Бердибай деген досу эшикти ачып, Урмат уйдо жок деп айткан. Андан кийин кайра стадион жакка барып, бир аз суйлошуп турганда А.Турсунбекова уйуно кеткен, андан кийин Аким аны уйуно узатып койгон. Ал уйуно болжол менен саат 23-00 чамасында келген жана эч жакка чыккан эмес. Ошол куну спорт костюм жана кара тустогу джинсы шым кийип жургон. Ал Р.Жумабаеванын олумуно эч кандай тиешеси жок. Тергоо учурунда аны милиция кызматкерлери куч колдонуу жана коркутуу ыкмалары менен Р.Жумабаеваны У.Аскеев таш менен уруп олтурду деп корсотмо беруугo мажбурлагандыктан, алардын айтканындай корсотмо берген. Ал Р.Жумабаеванын олумуно чейин он кун мурда подъездин жанынан аны менен урушуп кетип, ошол жерден сары тустогу плащынын женинин лентасы жулунуп кеткен. Алардын урушун ошол жерде турган «Шухрат», «Тилек», «Кеша» аттуу балдар ажыраштырган. Андан кийин ал плащынын женинин лентасын арачалаган балдар менен чогуу издешип, таппай койюшкан. Кийин ал Р.Жумабаевадан кечирим сураганда, ал плащынын женинин лентасы анда жатканын айткан, бирок кереги жок деп алган эмес. Соттон мыйзамдын негизинде чечим чыгарып беруусун суранат.

Соттук териштирууде соттолуучу У.Аскеев угузулган айыбы боюнча куноосун толугу менен мойнуна албай корсоткон, ал коп убакыттан бери Р.Жумабаева менен жакшы мамиледе болуп, экоо уйлонмок болуп журушкон. 2010 ж. 5 апрель куну жумуштан чарчап келип уйдон чыккан эмес. Ошол куну саат болжол 22 чамасында Ш.Аманбаева менен А.Турсунбекова аны чакырып келгенинен, анын уйундо убактылуу жашап жаткан классташы Б.Черикбаевге уйдо жок деп айттырып койгон, алар менен жолуккан эмес. Эртеси, эртен менен жумушка барып, иштеп жаткан жеринен милиция кызматкерлери Р.Жумабаева киши колдуу болуп каза болгондугун айтып, анын олумуно шектуу деп кармап кетишкен. Тергоо мезгилинде милиция кызматкерлери аны уруп-сабап, куч колдонуу менен Р.Жумабаеваны олтургондугун мойнуна алуусун талап кылышкан, бирок анын куноосу болбогондуктан мойнуна алган эмес. Соттон мыйзамдын негизинде чечим чыгарып беруусун суранат.

Соттук териштирууде соттолуучу А.Жумашев угузулган айыбы боюнча куноосун толугу менен мойнуна албай корсоткон, ал У.Аскеевди сыртынан таанып жургон, каза болгон Р.Жумабаеваны коншу уйдо жашап жургонун билген, ал эми Ш.Аманбаева анын коншусу катары таанып билип жургон. Р.Жумабаева каза болгондугун эртен менен коншуларынан уккан. Ошол туну ал уйундо болгон, эч жакка барган эмес. Эч кимиси менен начар мамиледе болгон эмес. Кийин ал акча табу максатында Оруссия мамлекетине барып, ал жерден соттолгон, жана ошол кылмышы боюнча жазасын отуп жатат. Соттон мыйзамдын негизинде чечим чыгарып беруусун суранат.

Соттук териштирууде суралган жабырлануучунун окулу Ф.Жумабаева томондогудой корсотмо берген. 2010 жылдын 5 апрелде синдиси Р.Жумабаева анын уйундо болуп, жардам берип, ошол эле куну кечинде Токмок шаарына кеткен. 2010 жылдын 6 апрель куну синдиси Р.Жумабаева киши колду болуп олгондугу тууралуу кабарды угуп, Токмок шаарына келген. Р.Жумабаеванын олумуно Ш.Аманбаеванын тиешеси бар деп эсептейт, анткени ал Р.Жумабаеванын тируу кезинде аны менен кас